**К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин илимий иштер боюнча проректору, филология илимдеринин доктору, профессор Г.М. Мурзахмедова**

_______________________

«_1_» _06_ ______ 2022-ж.

**Машанова Айнур Сапарбаевнанын «Экономикалык адистиктеги студенттердин билим сапатын жогорулатууда окутуунун жаңы технологияларын колдонуунун педагогикалык шарттары» аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына жетектөөчү мекеменин**

# ПИКИРИ

Диссертациялык иш И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасында аткарылган.

**Илимий жетекчи:** Калдыбаева Айчүрөк Токтополотовна – педагогика илимдеринин доктору, профессор, И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасынын башчысы.

**I. Диссертациялык кеңешке диссертациялык изилдөөлөрдү коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.** Сунуш кылынган кандидаттык диссертация диссертациялык кеңештин профилине туура келет жана экономикалык адистиктеги студенттердин билим сапатын жогорулатууда окутуунун жаңы технологияларын колдонуусуна салым кошот.

**II. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Коомдун заманбап өнүгүү этабы жогорку окуу жайларынын студенттерин даярдоого карата коюлган талаптардын өзгөрүүсү менен мүнөздөлөт, анткени бул Кыргыз



№ 80 « 1 » 06 2022
Окуу. катчы:

Республикасындагы жогорку билим берүүнүн калыптанышы менен байланыштуу. Демек, кесиптик ишмердиктин дээрлик бардык түрлөрүнүн максатын жана мазмунун өзгөртүү менен, заманбап экономисттин кесиптик-аң сезимин калыптандыруу процессинде, экономикалык даярдыктын мааниси, педагогдорду жана практиктерди барган сайын студент жаштарды экономикалык социалдаштыруу процессинин эффективдүүлүгүн жогорулатуунун оптималдуу жолдорун издөөгө көбүрөөк кайрылуусун мажбурлоодо.

Изилдөөнүн актуалдуулугу Кыргызстандагы экономиканын заманбап абалы, өндүрүштүн бардык тармактарында экономикалык жогорку компетенттүү билимдүүлүккө ээ болгон адистердин жетишсиздиги менен аныкталып турат.

**III. Изилдөөнүн максаты:** экономикалык адистиктеги студенттердин билим сапатын жогорулатууда окутуунун жаңы технологияларын колдонуунун педагогикалык шарттарын аныктоо жана аларды эксперимент аркылуу текшерүү.

**IV. Изилдөөнүн милдеттери:**

Алдыга коюлган максатка жетүү диссертацияда төмөнкүдөй **милдеттерди** чечүү менен ишке ашырылды:

1. ЖОЖдо студенттердин билим сапатын жогорулатууда окутуунун жаңы технологияларын колдонуунун теориялык изилденишин жана өзгөчөлүктөрүн системалаштыруу.

2. Студенттердин билим сапатын жогорулатуунун теориялык моделин жана педагогикалык шарттарды иштеп чыгуу.

3. Аныкталган педагогикалык моделдин жана шарттардын натыйжалуулугун эксперимент аркылуу текшерүү жана жыйынтыктоо.

**V. Алынган натыйжалардын илимий маанилүүлүгү:** ЖОЖдо студенттердин билим сапатын жогорулатууда окутуунун жаңы технологияларын колдонуунун теориялык негиздери ачыкталды; студенттердин билим сапатын жаңы технологияларды колдонуу аркылуу жогорулатууга

өбөлгө түзүүчү теориялык модель жана педагогикалык шарттар иштелип чыкты; студенттердин билим сапатынын жогорулашы эксперименталдык иш аркылуу далилденди. Теориялык жоболордун жана изилдөөнүн натыйжаларынын негизинде экономикалык профилдеги дисциплиналарды үйрөнүү процессинде жогорку окуу жайынын студенттеринин окуу-таанып билүү ишмердигин ыраттуулугу боюнча методикалык сунуштар иштелип чыкты. Дисциплиналар аралык жана атайын илимий изилдөө ыкмаларын бириктирген тутумдаштырылган методу негизделген бирдиктүү таанып-билүү, калыптандыруу техникасы колдонулуп, адисти даярдоонун структуралык-логикалык схемасынын курулушу дисциплиналар аралык билим берүү формаларын логикалык айкалыштырган блоктор **(ДАДБ)** түзүлдү.

**VI. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү:** студенттерге экономикалык билим берүү процессинин программалык-методикалык камсыздалышын «Бизнес-пландоо», «Инновациялык менеджмент» дисциплиналары боюнча жумушчу программа, методикалык сунуштар жана практикалык сабактарда колдонулуучу усулдар иштелип чыккандыгында. Изилдөөдөгү теориялык жоболорду жана тыянактарды жогорку билим берүүнүн сапат тутумдарын түзүүдө, кадрларды даярдоонун сапатын жогорулатууга багытталган билим берүү процессине педагогикалык моделдерди жана технологияларды иштеп чыгууда колдонууга болот.

**VII. Изденүүчүнүн жеке салымы:** изденүүчү тарабынан студенттерге экономикалык билим берүү процессинин программалык-методикалык камсыздоо максатында («Экономикалык теория», «Мененджмент», «Бизнес-пландоо», «Инновациялык менеджмент» дисциплиналары боюнча окуу-методикалык комплекстер, практикалык сабактарда колдонулуучу усулдар, методикалык сунуштар иштелип чыкты.

**VIII. Авторефераттын мазмунунун диссертациянын мазмununa дал келиши:** авторефераттын мазмуну, түзүмү диссертациялык иштин мазмунуна, түзүмүнө дал келип, теманын актуалдуулугу, илимий жаңылыгынын жыйынтыгы, практикалык баалуулугу жана жалпылоосу толук ачылган.

Авторефераттын кыргыз, орус жана англис тилдериндеги түзүлгөн окшош резюмеси бар.

**IX. Диссертациялык иштин мазмунунда жана авторефератта байкалган айрым мүчүлүштүктөр:**

1. Авторефератта жана диссертациялык иште стилистикалык жана орфографиялык каталар кездешет.
2. Экономикалык адистиктеги студенттердин билим сапатын жогорулатууда окутуунун жаңы технологияны колдонуу ыкмалары педагогикада толук кандуу чечмеленбегендигине карабастан Кыргызстанда бул багытта жалпы жүргүзүлгөн изилдөөлөр арбын, биздин оюбузда аларга анализ толук берилбей калган.
3. "ЖОЖдун экономика адистигинин студенттеринин билим сапатын жогорулатуу боюнча жүргүзүлгөн эксперименталдык иштин жүрүшү жана натыйжасы" аттуу 3-бапта диссертант тарабынан кызыктуу жана ар түрдүү методикалар сунушталган, бирок, сабактардын жана сабактан тышкаркы иштердин конкреттүү иштелмелери толук анализге алынбай калган.
4. Экономикалык адистиктеги студенттердин билим сапатын жогорулатууда окутуунун жаңы технологияларын колдонуунун педагогикалык шарттарын аныктоонун критерийлерин белгилегенде педагогика илиминдеги фундаменталдуу эмгектерге жетишсиз таянган.

Аталган кемчиликтер диссертациялык иштин жалпы мазмунуна доо кетире албайт.

**X. Диссертациялык ишти жалпы баалоо.** Машанова Айнур Сапарбаевнанын «Экономикалык адистиктеги студенттердин билим сапатын жогорулатууда окутуунун жаңы технологияларын колдонуунун педагогикалык шарттары» аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациялык иши К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин педагогика жана психология кафедрасында талкууланып, жактырылды. Диссертациялык иш

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын Окумуштуулук даражаларды ыйгаруунун тартиби жөнүндөгү жобонун" 10 пунктуна ылайык келет жана анын автору Машанова Айнур Сапарбаевна педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу деп эсептейбиз.

Диссертациялык иш кафедранын профессордук-окутуучулук курамынын катышуусу менен талкууланды (Токтом №8, 30-май 2022-жыл).

**К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин педагогика жана психология кафедрасынын башчысы, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент** **Джумагулова Г.А.**

**Секретарь** **Орозова А.М.**

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

КОЛУН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ
КАДРЛАР БӨЛҮМҮНҮН БАШЧЫСЫ
ЗАВЕДУЮЩИЙ ОТДЕЛА КАДРОВ
«01» 06 2022 ж.